ОКУУ МУНУ!!!

~~КОЛУҢДУ ТАРТ!~~

# Полдун күндөлүгү

2017-жыл

TIME TO TALK!

#talkaboutchildwork



## 1-май

Кымбаттуу күндөлүк! Апам, Трикси жана мен болуп, акыры биз шаарга көчүп келдик. Эми баары жакшы болот деген ойдомун.

Менин бөлмөм (карап көрсөңөр!)

## 2-май



Кымбаттуу күндөлүк, бүгүн мен Трикси менен биринчи жолу шаарды кыдырып чыктым. Шаар ит менен жөө басууга өтө эле чоң экен. Апамдын велосипедин алдым. Отургучу абдан бийик болчу, бирок анда Трикси үчүн кичинекей себет бар экен.



## 3-май

Кымбаттуу күндөлүк. Бүгүн жаңы мектепте менин биринчи күнүм өттү, мен танапис учурунда футбол ойнодум. Үч гол киргиздим! Сүрөт тартуу сабагында Сторм эже менин сүрөтүм чынында эле сонун баолду деп, аны ар бир окуучуга көрсөттү. Мен абдан уялдым! Мен “Эми Уайнхаус”ту жакшы көрөмбү. “Эми” кимди?

Мүмкүн, апамдын туулган күнүнө белек катары...ушул сыяктуу сүрөт тартып берем? Мүмкүн, рамкасы да болот?

Апамдын сүрөтүнө бир рамка таптым. 49 евро турат экен!! Беш айкы күнүмдүк акчам! Алар акыл-эсин жоготконбу? Бирок күмүштөн жасалган экен. Абдан укмуш.





## 4-май

Кымбаттуу күндөлүк! Биздин саясат сабагы боюнча мугалимибиз абдан мыкты экен! Анын аты Майя эже. Биз анын биринчи классыбыз жана ал чынында эле жакшынакай мугалим. Бүгүн биз Баланын укуктары жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун конвенциясын окудук. Бул бардык өлкөлөр сактоого зарыл болгон мыйзамдар жыйнагы сыяктуу китепче экен. Менин ал ичиндеги үч жакшы көргөн беренелерим төмөнкүлөр:

*Апага айтып бер

12-берене: Бардык балдар өздөрүнүн жеке көз карашын билдирүүгө укуктуу, чоң кишилер “бизди угууга” жана бизди туура, чындап кабыл алууга тийиш.



17-берене: Телефондор, компьютерлер, сыналгылар - мунун баардыгын колдонууга балдар үчүн уруксат берилген, алар аркылуу биз жакшы жашоо үчүн эмнелерди билишибиз керектигин түшүнө алабыз.

37-берене:
Балдарды жазалоого тыюу салынат!

* Бул телефонго тыюу салууга тыюу салынат дегенди билдирет, ооба!

Балдардын эмгеги тууралуу да сөз кылынат. “Бул дүйнө жүзү боюнча боло турган окуя”, - дейт Майя. Мектепке баргандын ордуна балдардын көбү бир аз акча үчүн же такыр акча төлөнбөгөн оор жумуштарды аткарышат, ошондой эле аларга жаман мамиле кылынат. Жакында Аргентинада жыйын болот, анда бул балдарды жакшыраак коргоо үчүн сунуштар берилет, бирок балдарды чакырышкан да жок! Буга кантип ишенсе болот?

## 6-май

Кымбаттуу күндөлүк! Бир кошуна бала баракчаларды таратып жатат. Мен ал баладан жумушту кантип таап алсам деп сурадым. Ал мен өтө жашмын дейт, бирок бул дем алыш күндөрү мен ага жардам берем. Ал мени менен өзүнүн эмгек акысы менен бөлүшөт. Мен 30 евро алам! Менин аманаттарым менен кошо бул акча апамдын туулган күнүнө рамка сатып алууга жетиштүү болот!





## 7-май

Кымбаттуу күндөлүк, бүгүндөн баштап мен да жумушчу баламын! Мектептен кийин дароо эле бала мага араба жана планын берди. Мен айланадагы дээрлик бардык үйлөрдү тейлөөнү алдым. 13 турак үй, 312 почта ящиги. Алардын бири колумду тиштеди.

## 8-май

7 саат, 295 турак үй. 825 почта ящиги, жана жаан да жаап турду! Мен чарчап кеттим. Апам мен футбол ойноп жаткам деп ойлоду. "Сен эртең төшөктө калышың керек", - деди апам.

## 9-май

Кымбаттуу күндөлүк, мен эрте туруп, Трикси үрүп, апамды ойготуп салбасын деп, Триксини ала кеттим. Акыркы 500 баракча үчүн 3 гана саат калды. Алардын 100 чагын мен ыргытып салдым, антпесем эч качан бүтүрбөйт элем. Мен балага арабаны кайтарып бердим, бирок ал мага 15 гана евро берип, "Калган 15 евро менин комиссиям ..." – деди. Чыккынчы!








Супермайя түшүндүргөндөй, ал дүйнөдөгү бардык иштеп жүргөн балдардын атынан алек болчу. Балдар эмне жумуш кылып жатышат, эмне үчүн жана кантип алар бул жумушту кылып жатканын билүү үчүн алардын мүмкүн болушунча көбүрөөк саны менен жолугушууну каалаган.

Ал өзүнүн Суперкүч-куралдарынын жардамы менен маанилүү суроолорго жооп алууну каалайт:
Сенин жашооңдун бир күнү кандай өтөт?
Канча убакыт окууга, оюнга жана эс алууга калат?
Суперкүч-куралы: "... жашоосундагы бир күнү"



Жумушуңда эмне жагат, эмне жакпайт?
Суперкүч-куралы:
Дене картасы





Сенин жашооңду жакшыраак кылыш үчүн ким эмне кылышы керек?
Суперкүч-куралы:
"Колдоо гүлү"

"Мен Балдар эмгеги боюнча дүйнөлүк жыйынына баяндама даярдоо үчүн бул маалыматты колдоном жана аны өзүм Аргентинага алып барам. Бул маанилүү болгон кишилердин мүмкүн болушунча көп саны иштеп жүргөн балдардын сөзүн угушарын дегенди билдирет! "Бул абдан жакшы" - дедим. Андан кийин ал "Жардам бергиң келеби?"- деп менден сурады. Ага баарын жазып турган бир адам керек болгон. "Албетте!" – деп жооп бердим. Трикси куйругун булгалады. Супермайя кубанычтан туйлап жиберди.





### Сүйлөшүүгө убакыт келди!

Майянын Суперавтоунасы менен биз Түштүк Америкага заматта жетип келдик. Ал жерде биз жети өлкөдөн келген иштеп жүргөн балдар менен жолуктук.

Мария алардын бири болгон. Ал 13 жашта жана Перудагы бир айылда ата-энеси жана беш кичүү бир туугандары менен бирге жашайт. Анын атасы оорулуп жатат, иштей албайт. Ошондуктан Мария жардам бериши керек; мектепке чейин ал үй жумуштарын жасайт, анан сабактардан кийин таштандыларды чогултуучу болуп иштейт. Ишемби күндөрү күнү боюу! Үй-бүлөсү анын эмгек акысына күрүч менен төө буурчак сатып алат.





## Башка балдар алар эмне үчүн иштеп жаткандыгынын башка себептерин келтирген. Бул негизгилери:

Ата-энелерине / үй-бүлөгө жардам керек Үй-бүлө жакыр же башка көйгөйлөр бар Алар каалаган нерселерин сатып алгысы же көз каранды эмес болгусу келет Алар окуу акысын төлөп бере алышат Аларга иштөө жагат Бул кандайдыр бир нерселерди үйрөнүү үчүн мүмкүнчүлүк Аларда өздөрүнүн келечеги үчүн жакшы үмтулуулары бар








### Полдун күндөлүгү

Индиядан келген Банжу сыяктуу Азиянын сегиз өлкөсүнүн балдары да өздөрүнүн турмушу жөнүндө айтып берүүгө кубанычта болушту. Банжу 15 жашта жана ал чоң энеси жана чоң атасы менен бирге жашайт. Анын ата-энеси иш издеп шаарга көчүп кетишкен. Банжу эртең менен чоң апасына жардам берет. Мектептен кийин жана ишемби күндөрү ал гаражда иштейт. Ал аз эмгек акы алат, бирок унаалар жөнүндө көп нерселерди үйрөнөт. Ага иши жагат, анткени ал бир күнү механик болгусу келет, бул анын эңсеген жумушу! Банжуга, ошондой эле, өзү иштеп, акча табуу жагат. Ошентип, ал өзүнүн достору менен бир жакка барып көңүл ача алат.



## Төмөнкү себептерден улам балдардын көпчүлүгү өз ишин жактырышат...

Адамдар аларга боорукердик жана урматтоо менен мамиле кылышат алардын жумушу үчүн макташат жана аларга жоопкерчилик алуу мүмкүнчүлүгүн беришет өз иши менен сыймыктана алышат андан киреше табышат иши аларга жашоодо пайдалуу болгон билимдерин жана көндүмдөрүн берет өз үй-бүлөлөрүнө жардам берүүгө жана алар менен жакын болууга мүмкүнчүлүгү болот достору жана чоңдор аларды колдошот жана аларга кам көрүшөт.



## Бирок балдарга алардын ишинде жакпаган айрым нерселер да бар.



Кыргызстандан келген Даша аны урушуп же кыйкырып жатканды, ал тургай, андан да ого бетер орой нерселерди жактырбайт. Даша 12 жашта жана ал апасы жана бир тууганы менен шаарда жашайт. Ал эртең менен мектепке барат, анан түштөн кийин көчөлөрдө буюм-тайымдарды сатат. Ал көчөлөрдө достору менен жолугат. Алар да ошондой эле иштешет. Дашага калем, дептерлер жана окуу китептери үчүн акча керек. Жумуш оор болот; ал бардык жакка жөө барып, буюмдарды ар дайым ала жүрүүгө мажбур, бирок Даша да өзү менен сыймыктанат. Анткени бул анын энеси жалгыз иштеп акчаны табышы кереги жок дегенди билдирет.

### Балдар эмне гана кылбасын, кайсы жерде гана иштебесин, аларга иши тууралуу төмөнкү нерселер баарынан көп жакпайт:

Урушуу, кыйкыруу, уруу · Жаракат, кырсык · Жаман жумуш орду, оор физикалык жумуштар, өтө көп чечимдерди кабыл алуу, жогорудан кысымчылык көрсөтүү, өтө аз тыныгуулар, өтө эле төмөн акы · Жумуш көңүлдү калтырат: көп күч жумшоо, аз акы алуу · Чарчагандык · Адамдар аларды жаман деп ойлойт · Жалгыз иштөө · Окуу үчүн убакыт жок



Кения - Африка зор континенти боюнча саякатыбыздын 11-бекети болду. Биз ушунчалык көп балдар менен жолуктук, бирок алардын ар бири кандай жумуш балага туура келет, кандай туура келбейт экенин айта алган. Дарио (11 жашта) эки байкеси жана бир карындашы менен айылда кичинекей бир алачыкта жашайт. Күндө эртең менен ал үй-бүлөсүнүн койлоруна тоют берет. Андан кийин мектепке барат. Жөө! Бирок мектеби алыс эмес. Ал окуучу болгону менен сыймыктанат. Мектептен үйүнө бара жатып апасы үчүн отун чогултуп келет. Түштөн кийин ал үй тапшырмаларын аткара баштайт. Андан кийин достору менен кечки убакытка чейин ойнойт. “Ишим мага абдан жагат, анткени аны аткаруу кыйын эмес, досторум менен ойноо үчүн жетиштүү убакыт калат”, - деп бизге айтып берди.

### Биз балдардан алардын ишин “Жакшы” кылган жумуш шарттары жөнүндө сурадык. Эң эле көп берилген жооптору төмөнкүлөр болду:

Иши колунан келет · Коопсуз · Үйүндө же үйүнө жакын · Үй-бүлөнүн / чоңдордун жардамы менен · Окууга / мектепке барууга тоскоол кылбайт · Эс алуу жана ойноо үчүн жетиштүү убакыт



### *Бул эркек балдар жана кыздар үчүн бирдей болобу?*

Балдар антип ойлошпойт! Айырмачылыктары бар: кыздар үчүн тамак бышыруу, идиш-аяк жуу, суура баруу, инилерин жана карындаштарын кароо, жамап-тигүү жана чач кыркуу сыяктуу жумуштары “Жакшы” болуп саналат. Балдар, негизинен, төмөнкүлөрдү айтышкан: талаада же күркөдө жардам берүү, багбанчылык, устачылык жана оңдоо иштерин жүргүзүү.





Дарио өз иши менен канааттангандай көрүнөт. Фарида болсо бизге башка бир окуяны айтып берди. Анын үй-бүлөсү Сириядагы согуштан Иорданияга качып барган. Анын ата-энеси жумуш издөөдө кыйынчылыктарга дуушар болушту. Качкындарга иштөөгө уруксат берилбейт. Бирок, буга тыюу салынса да, качкындардын балдарына жумуш берилет. Алар жашы жеткен кызматкерлерге караганда арзаныраак болушат жана текшерүү учурунда тез качып кете алышат. Фарида 15 жашта жана эң улуу кызы. Ошентип, ал өзүнүн үй-бүлөсүнө жардам берет. "Мен бир чарбада жумасына алты күн иштеп, помидор терем. Менин көздөрүм пестициддердин кесепетинен дайыма оорушат. Жана күн менин теримди күйгүзөт,"- дейт Фарида. Ал абдан кайгылуу, анткени ал жерде мектепке бара албайт жана достору менен ойноп, сүйлөшүүгө убактысы да жок.





## Биз балдардан алардын ишин "Жакшы эмес" кылган жумуш шарттары жөнүндө сурадык. Эң эле көп берилген жооптору төмөнкүлөр болду:

- Ден соолукка зыян, кооптуу, кырсык же жаракат алуу коркунучу бар жумуштар
- Өтө оор жумуш үчүн алар дагы эле өтө кичинекей же алы жетишпейт
- Тыюу салынган
- Алар үчүн абдан кооптуу, алардын окуусуна тоскоол кылышат
- Төмөн эмгек акы, такыр акы төлөнбөйт, же өтө узак жумуш убактысы
- sАлардын дини же маданияты буга жол бербейт







Биз 36 өлкөгө барып, 1822 бала менен жолуктук. Алардын баары ар кандай иштешет. Алардын көпчүлүгү үчүн бул жакшы нерсе. Аларды абдан баалашат, жумушта бир нерсени үйрөнүп, өздөрү менен сыймыктана алышат. Башкалары үчүн жакшысынан жаманы көбүрөөк. Иши жакшы же жаман экенинин себептери бар.

| Коргоо факторлору төмөнкүлөр болуп саналат! Бала ... | Ал эми коркунуч факторлору төмөнкүлөр болуп саналат! Бала ... |
|---|---|
| дайыма мектепке бара алат | оор же кооптуу ишти аткарууга мажбур |
| балдар союзунун мүчөсү болуп саналат | иштөөгө мажбур |
| алардын иши тууралуу чечимдерди кабыл алууга катыша алат | түнкүсүн иштөөгө мажбур |
| жеңил иштерин гана кылышы керек | көчөдө иштейт |
| сүйүүгө | ата-энелери менен чогуу жашабайт |
| кам көрүүгө жана колдоого ээ болот | көп саат иштөөгө мажбур |
| өз өлкөсүндө ата-энесинде жумушу бар болот | кооптуу өлкөдө жашайт |
| билим берүү жана башка маанилүү инфр-лар каржылаган өлкөдө | жана алардын үй-бүлөлөрү качып кетүүгө аргасыз болгон |



## 10-май

Кымбаттуу күндөлүк,
Дүйнө боюнча фантастикалык сапардан кийин үйгө кайтып келдим (апамдын туулган күнүнө жетиштим)! Мен таң каларлык балдар менен жолуктум. Алар бизге өзүлөрүнүн жумуштарын жана турмушун көрсөтүп, бизге “Колдоо гүлүн” беришти. Гүл куттуктоосу жана анын билдирүүлөрү иштеп жаткан балдардын турмушун жакшыртууга жардам бере алган дүйнө жүзүндөгү бардык адамдарга арналган.










“Сүйлөшүүгө убакыт келди” долбоору иштеген балдардын жашоосун жакшыртуу үчүн 12 сунуштарды даярдап берди. Алардын ичинен алтысы:

### Көптөгөн ылайыктуу чечимдер

Үй-бүлөлөрдөн жана балдардан алардын жашоо шарттары тууралуу жана эмне себептен балдар иштеп жаткандыгын билүү маанилүү. Ошондо биз лардын турмушу ар кандай экенин түшүнө алабыз. Ошондуктан, көптөгөн ар кандай чечимдер талап кылынат. Ар бир балага өзүнчө туура чечим.

### Жакырчылык менен күрөшүү

Өкмөт үй-бүлөлөргө көбүрөөк жардам бериши керек. Алар жакырчылык менен күрөшүп, жумуш орундарын түзүшүп, ооруп калган же жумуш таба албаган ата-энелерине жардам бериши керек. Ошондо балдар коркунучтуу шарттарда иштөөгө мажбур болушпайт, мектепке барып, бош убакытында ойной алышат.

### Балдардын укуктарын күчөтүү

Балдар өз пикирин ачык билдирүү, маалымат алуу, катышуу жана чогулуу укугуна ээ болушат. Ар бир адам ушуну түшүнүшү керек. Айрыкча, балдардын дүйнөсүнө таасири барлар: үй-бүлө, мектеп, иштеген жери, коомчулук жана саясат. Ар бир адам балдардын көз карашын, пикирин угуп, аларды олуттуу кабыл алууга тийиш.

### Билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу

Балдар билим алууга укуктуу. Бардык балдар! Шаарларда, айыл жергесинде жашаган балдар, качкын балдар, ал тургай, алыста жашаган балдар да. Ар бир бала жакшы мектепке бара алышы керек - акысыз! Өспүрүмдөр практикалык жумуштарда иштеп көрүп, кесип алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

### Эксплуатациялоону токтотуу!

Балдар зыяндуу жана кооптуу жумуштардан корголушу керек. Алардын эркине каршы иш кылуудан, ошондой эле төмөн же эч кандай эмгек акыдан, же узак жумуш сааттарынан, айрыкча, тыюу салынган жумуштарынан корголушу керек. Бул үчүн мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар сакталып, ишке ашырылышы тийиш.

### Балдарды зомбулуктан коргоо

Мектепте, үй-бүлөдө, жумушта же дагы башка бир жерде болбосун балдар зордук-зомбулуктан коргоого алынышы керек. Бул үчүн балдарды коргоо системасы түзүлүп жана каржыланышы керек.



Сен кимсиң? Сен да иштеп жатасыңбы? Өзүң жөнүндө айтып берчи!

Менин атым:

Менин жашым:

Менин жумушум:

Менин күнүм:

Менин үй-бүлөм:

Менин досторум:

Менин кыялдарым:





"Колдоо гүлүндөгү" сенин жумушуңду жана жашооңду жакшырта ала турган ар бир адамга кат жаз.






Триксиде да Пол үчүн кат бар экен:
Кел "Таякты ыргыт" оюнун ойнойлу, анан менин аркамды тырмап бер, макулбу?

# Эскертүүлөр





# Эскертүүлөр

Бул изилдөөнүн чыгышын мүмкүн кылып, өз көз караштары менен биз менен жигердүү бөлүшкөн 1822 катышкан балдарга жана жаштарга өзгөчө ыраазычылык. Адистер, талдоочулар жана жактоочулар катары бизди колдогон биздин Балдар боюнча эксперттик комиссияларыбыздын бардык мүчөлөрүнө да ыраазычылыгыбызды билдиребиз.







## Чыгуу маалыматы

**Бастырып чыгаруучу**
Kindernothilfe, Германия
“Terre des Hommes” эл аралык федерациясы

**Дизайн жана концепция**
mañana kreativbüro, Düsseldorf
www.maniana-design.de
Sara-Lena Göbel & Daniel Bolay

**Иллюстрациялоо**
Жорж Попов, Берлин

**Баяндоо**
Кристиан Мадзерат, Дюссельдорф
Анна Якоб, Kindernothilfe тарабынан колдоого алынган

**тарабынан чогуу каржыланат**

Federal Ministry
for Economic Cooperation
and Development

Бул бала-колдогон буклет “Сүйлөшүүгө убакыт келди!- Балдар эмгеги тууралуу балдардын көз караштары” глобалдык кампаниянын жана изилдөө долбоорунун басылмаларынын бир бөлүгү болуп саналат жана 36 өлкөдө иштеп жүргөн балдар жана жаштар менен жолугушууларынын расмий изилдөө отчётунун негизинде түзүлгөн.

Долбоор жана изилдөө отчет жөнүндө кошумча маалымат:
www.time-to-talk.info

Биздин негизги отчётубузда
толук маалыматты табыңыз!

kinder
not
hilfe

**Terre des Hommes**
International Federation